**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

## «ТАЖИК ТИЛИ ЖАНА ОКУУ»

окутуу тажик тилинде жүргүзүлүүчү жалпы билим берүү
уюмдарынын 1-6-класстары үчүн

**Бишкек - 2025**

**Илимий консультант:**
**Дюшеева Н.К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын президенти
**Рысбаев С.К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Иштеп чыккандар:**
**Дадахонова Д.М.** Кадамжай районундагы С.Айни атындагы орто мектебинин тажик тили мугалими
**Мамадаминова М.Т.** Лейлек районундагы "Билим нуру" мектебинин тажик тили мугалими
**Шаршембиева Д.Н.** Кыргыз билим берүү академиясынын Көп тилдүү жана инклюзивдик билим берүү бөлүмүнүн башчысы

**Рецензенттер:**
**Хасанхужаева М.К.** Кадамжай районундагы С.Айни атындагы орто мектебинин директору
**Воситов Х.Х.** Лейлек районундагы "Билим нуру" мектебинин директору

Жалпы билим берүү уюмдарынын 1-6-класстары үчүн «Тажик тили жана окуу» предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына (2023), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан.

Предметтик стандарт тажик тилин жана адабиятын үйрөнүүнүн максаттарына ылайык предметтин жардамы менен окуучуларды тарбиялоонун, окутуунун жана өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын аныктайт. Предметтик стандарттын негизинде предметтик стандартта көрсөтүлгөн ыкмалар, принциптер жана окутуу усулдарын чагылдырган окуу программалары жана окуу китептери түзүлөт. Предметтик стандарт тажик тилин жана адабиятын окутууга бирдиктүү мамилелерди камсыздайт, бардык типтеги жалпы билим берүүчү уюмдарда окуу процессин жөнгө салат жана Кыргыз Республикасынын мектептеринде тилдик билим берүүнү өнүктүрүүнү камсыз кылат.

**МАЗМУНУ**

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ ………………………………………………...................................................... 4

II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР……………………………... 5

III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар) …………………….. 6

IV. ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ …............................................................ 11

V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО ………11

VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР ……………………….....................................................................................15

VII. ШЫКТАНДЫРУУ ЖАНА КООПСУЗ ОКУТУУ ЧӨЙРӨНҮ ТҮЗҮҮ ……………………………………………………………. 16

# I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

1-6-класстар үчүн «Тажик тили жана окуу» предметти **окутуунун максаты** – тил элементтери аркылуу башталгыч класстын окуучуларынын баарлашуу, ой-жүгүртүү жана социалдашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Окуунун башталгыч курсу түшүнүктөрдүн, эрежелердин базасын түзүп, билим берүүнү индивидуалдаштыруу жана дифференциялоо принцибинин пайдубалын түптөйт, окутуу принциптерин жана методикасын колдонууга айланат.

**Милдеттери:**

1. **Тарбия берүүчүлүк:** мектеп окуучуларынын өз маданиятын таанып билүү жана Кыргыз Республикасынын жарандык сезимин калыптандыруу;
2. **Билим берүүчүлүк:** бул стандартта аныкталган кептик, тилдик жана адабий түшүнүктөрдү өздөштүрүүнү камсыз кылуу;
3. **Өнүктүрүүчүлүк:** жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында чагылдырылган негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга көмөктөшүү.

Башталгын класстардагы «Тажик тил жана окуу» предмети тажик элинин эне тилин жана маданиятын сактоого, ал тилде билим алууга, салттарын жана баалуулуктарын билүүгө, өзүнүн жарандык (Кыргызстан жараны) иденттүүлүгүн аныктоого шарт түзөт.

«Тажик тили жана окуу» предметти окутуу жалпы дидактикалык принциптерине: илимий, ырааттуу, жеткиликтүү негизделет. Ошондой эле предметтин принциптеринин спецификалык өзгөчөлүктөрүн эске алат. Булар:

1. **Компетенттүүлүккө негизделген мамиле.** Мамлекеттик билим берүү стандартында, «Тажик тили жана окуу» сабагында кептик ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын кептик, тилдик жана этно-маданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө көрүнөт.
2. **Функционалдык-коммуникативдик принциби** тилдик каражаттарды турмуштук кырдаалдарда колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Окуучулар реалдуу баарлашууда лексика, грамматика, сүйлөө, жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүшөт.
3. **Инсанга багытталган принциби**. Окуучулардын кызыкчылыктарын жана күчтүү жактарын эске алып, мугалим ар түрдүү тапшырамаларды сунуштайт: сүрөт тартуу, схема түзүү, оозеки тапршырма ж.б.
4. **Предмет аралык интеграция принциби.** Тил каражат катары башка предметтерди өздөштүрүүгө жардам берет. Тилдик темалар башка предметтер менен тыгыз байланышта болот жана аларды кеңейтет.
5. **Текстке негизделген окутуу принциби.** Текст реалдуу баарлашууну ишке ашыруучу кырдаалды түзүүнүн каражаты катары эсептелет. Окуучу «Тажик тили жана окуу» сабагынан төмөнкүлөрдү көрсөтө алат: текстти кабыл алуу, аны сабаттуу жаза билүү жөндөмдүүлүгү; түшүнүү жана ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү; текстти талдоо, түшүндүрүү жана өркүндөтүү жөндөмдүүлүгү; өзүнүн чакан текстин түзө билүү жөндөмдүүлүгү; тексттин негизинде жаткан логикалык-тематикалык байланыштын планын таба билүү.
6. **Этномаданият таануу принциби.** Тил улуттун өзгөчөлүгүн, өз алдынчалуулугун таануунун каражаты, андыктан, нагыз улуттук түшүнүктөрдү, нарктарды, салттарды, улуттук буюмдарды, кийимдерди, тамак-аштар менен курал-жарактарды эне тили аркылуу таануу, аны түшүнүү, кебинде колдонуу, тексттер аркылуу талдап үйрөнүү,

турмуштагы этномаданий кырдаалдарга, окуяларга, иш-чараларга аралашуу, таанып-билүүсүн дагы да тереңдетүү.

## II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

1-класста биринчи жарым жылы алиппеге чейин мезгил. Бул мезгилде окуучулардын сүйлөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү, угуу жана көрүү кабылдоосун өстүрүү, окууга даярдоо, фонетикалык көндүмдөрүн жакшыртуу, ошондой эле колдун майда булчуңдарынын өнүгүүсү башталат. Окуучулар калем жана калемсапты колдонууну, тамганын элементтерин жазганды үйрөнүшөт.

Окутуу курчап турган чөйрө жана кубулуштары менен тааныштыруу, дидактикалык оюндарды аркылуу ишке ашат. Окуучулар баарлашууга катышышат, мугалимдин үнүнөн кыска ырларды, табышмактарды, жаңылмачтарды үйрөнүшөт, кыска сахналаштырууга катышышат.

Экинчи жарым жылы т.а. алиппе мезгили деп мүнөздөлөт. Анда окуучулардын эне тилинин тыбыштык түзүлүшү боюнча фонетикалык угуусу калыптанат, тыбыштардын тамга түрүндө жазылышын үйрөнүшөт. Сөздөрдө муундун санын санай алат, тамгалар жана тыбыштар катышкан буюм жана нерселердин сүрөттөрүн боёп, алардын аттары менен түстөрүн сүйлөп берип, сөз байлыгы өсөт.

Тамгаларды муун, андан соң сөз түрүндө окуп, аларды сүйлөп берүү менен кеп өстүрүү иштери улантылат.

Предметтик тематикалык, сюжеттик сүрөттөр аркылуу кебин өстүрүү, сөздүк корун байытуу иштери аткарылат, байланыштуу сүйлөөгө машыктырылат, буюмдарды жана нерселерди эне тилинде атап, алардын маанилик-мазмундук байланышын үйрөнүшөт; жазуу дептеринде кол булчуңдарын бекемдөөчү эң жөнөкөй чиймелер (кош чийме, чарчы чийме, буюмдардын элесин берген жазууларга) кол көндүрүү иштери аткарылат.

2-6-класстарда окуучунун фонетикалык кабылдоосун улантып бекемдөө, сабаттуулугун өркүндөтүү жана сөз байлыгын арттыруу аркылуу байланыштуу кебин өнүктүрүү иши – тажик тили, адабий окуу китептери менен ише ашат. Ал кезде окуучулардын сүйлөө жана жазуу маданиятына айрыкча маани берилет, т.а. окуучулар муунду, сөздү жана сүйлөмдөрдү, бара-бара чакан текстти туура окуу жана туура сүйлөө менен жазууга, эне тилинде так, таза окуп-жазууга, логикалуу сүйлөм түзүп сүйлөөгө басым коюлат. Сүрөт менен иштеп, сүйлөм түзүп айта алууга, окуганынын мазмунун кайра айтып берүүгө жетишет. Эне тилинде кеп этикетине машыгышат. «Тажик тили жана окуу» сабагы боюнча материалдардын негизги максаты кеп өстүрүүгө багыт алуу, аны камсыз кылуу болуп саналат.

«Тажик тили жана окуу» окуучулар тажик балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрү болгон чакан тексттерди, кенже жанрлардагы чыгармаларды, ырларды сабаттуу окууга, окуу техникасына машыгышат, окуганын түшүнүп, мазмунун айтып берүүгө, аларга баа бере алууга, окуянын каарманы менен байланыштырып логикалуу сүйлөп берүүгө, өз оюн чыгармачылык менен билдирүүгө үйрөнүшөт. Окуучулар түрдүү стилдеги (көркөм, таанып билүү, маалыматтык) тексттер боюнча маалыматтарды түшүнүп, сүйлөп берүүгө жатыгат. Окуу жана түшүнүү ыкмасы кеңири колдонулат, сөздүн, сүйлөмдүн тексттеги маанисин, чакан окуяны, анын жалпы мазмунун билишет.

Башталгыч билим берүүдө тажик тилин жана окууну үйрөнүүдө төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөр берилет:

**Тилдик компетенттүүлүк –** окуучулар эне тилинде өз ой-пикирин билдирүү үчүн тилдик каражаттарды (фонетика, орфография, лексика, грамматика) өздөштүрүшөт, тилдин ар түрдүү ыкмаларын үйрөнүшөт.

**Кептик компетенттүүлүк** – окуучулар баарлашуунун ар кандай кырдаалдарынын диалогуна катышат, өз оюн оозеки жана жазуу түрүндө билдиришет, уккан жана окуган кепти түшүнүшөт.

**Этно-маданий компетенттүүлүк** – окуучулар эне тили аркылуу улуттук-маданий баалуулуктарга ээ болушат, ар түрдүү элдердин маданиятын урматтоого үйрөнүшөт.

Предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун негизи болуп эсептелет жана алар менен биргеликте өнүгөт. Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн байланышы окуучулардын реалдуу коммуникативдик муктаждыктары, интерактивдүү окутуу, ар түрдүү окуу ишмердүүлүгү, чыныгы жашоого жакын баарлашуу кырдаалдары, сүйлөө өнүгүүсүнө багытталган көнүгүүлөр жана коомдук жашоонун ар түрдүүлүгүн чагылдырган тексттер аркылуу ишке ашырылат.

## III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР

Тажик тили эне тили катары окутуу төмөнкү мазмундук багыттарга негизделет:

**1-мазмундук багыт. Тилдеги сөз**

Окуучулардын өз оюн оозеки жана жазуу түрүндө билдирүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, кепти баарлашууда колдонууну калыптандыруу максатында төмөнкү бөлүктөн турат: үндү түшүнүү (фонетика), орфография, лексика, морфология, элементардык синтаксис жана пунктуация.

**2-мазмундук багыт. Кептеги сөз**

Тилдик жана адабияттык материалдын мазмунун өздөштүрүүгө жана аны кеп маданиятынын талаптарына ылайык баарлашууда активдүү колдонууга негизделген кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу) боюнча окутууну камсыз кылат.

**3-мазмундук багыт. Баштапкы адабий окуу**

Мазмундук тилке алгачкы адабий түшүнүктөрдү өздөштүрүүнү камсыздайт, окуучуларды балдар адабиятынын тексттери менен тааныштырат, окурмандык ой жүгүртүүсүн кеңейтет. Мазмундук тилке окуучулардын адабиятка жана окууга болгон кызыгуусуна, кабылдоосуна жана көркөм текстти талдоодо баштапкы көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган.

**Таблица 1 – Окуу материалдарынын класстар жана мазмундук багыттар боюнча бөлүштүрүлүшү**

| № | Билим берүү мазмуну | Бөлүмдөр | 1-2-класс | 3-класс | 4-класс | 5-6 класс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Тилдеги сөз** | Үн кабылдоо (фонетика) | Тыбыштар. Тыбыш жана тамгалар. Алфавит. Үндүү жана үнсүз тыбыштар. Йоттошкон тамгалар. Муун, сөздөрдү муундарга бөлүү. Басым. Созулма үндүүлөр, ъ ажыратуу белгиси. | Үндүү жана үнсүз тыбыштар., йоттошкон тамгалар, ъ ажыратуу белгиси. Сөздөгү басым жана анын ролу. Муун жана анын түрлөрү. Ташымалдоо. | Жумшак жана каткалаң үнсүздөр. Үнсүз тыбыштардын өзгөрүшү. Басымдуу үнсүздөр. Сөздүн ортосунда же аягында кээ бир айтылбай турган тыбыштар. Профикс жана суффикс. й,ӯ тамгалары бар сөздөр. Е, ё, ю, тамгалары бар сөздөр. | Тыбыш жана тамгалар. Фонетикалык жана графикалык тамга. й,ӯ, ъ тамгалары бар сөздөр. Кыска жана созулган үндүүлөр. |
| | | Морфемика | Сөз түзүү: көптүк сандагы сөздөр, сын атоочтор. | Сөздүн уңгусу. Бир уңгулуу сөздөр. Мүчө. Негиз. | Негиз жана мүчө. Уңгу, префикс, суффикс, мүчө. Бир уңгулуу сөздөр. Сөздөрдүн морфемалык талдоосу. | Негиз. Префикс. Суффикс. Мүчө. Татаал сөз жасоо. Бир нече уңгулардан жана сөз тобунан түзүлгөн сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын айкалышын жана бөлүнүшүн тандоо. |
| | | Синтаксис жана морфология | Сөз жана жөнөкөй сүйлөм (5-6 сөздөн турган сүйлөм). Сүйлөмдүн чеги. | Сөз жана жөнөкөй сүйлөм. Сөз айкашы. Сүйлөмдүн негизидери. Сөз түркүмдөрү (зат атооч, сын атооч, этиш). | Жөнөкөй сүйлөм. (Баш жана айкындооч мүчөлөр). Сөз айкашы. (Багындыруучу жана багыныңкы сөздөр). Префикстер жана суффикстер. . Сөз | Жөнөкөй сүйлөм. Бир тутумдуу сүйлөм. (байламталуу, байламтасыз). Сөз түркүмдөрү (маани берүүчү: зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч) Жалпы |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | түркүмдөрү (зат атооч, сын атооч, этиш). | маалымат. (префикстер, суффикстер) |
| | | Орфография | Жөнөкөй сүйлөмдүн чеги. Сүйлөм аягындагы тыныш белгилер. Сүйлөмдүн башында чоң тамга. Энчилүү зат атоочтор. | Орфография | Уңгу жана мүчө. | О-а, у-у-и, ъ, ӯ тамгаларынын туура жазылышы. Йоттошкон тамгалардын жазылышы. Кеп так айтылган, диалог. |
| 2 | **Кептеги сөз** | Шар жана аң сезимдүү окуу | Окуу (муундап окуу). Унчукпай окуу. Интонация. Тема. Тексттин негизги темасы. Тексттин планы. Кичинекей поэтикалык тексттерди жатка айтуу. Сүрөттөө. Макал-лакаптар жана накыл сөздөр. Табышмактар. Эпостор. | Окуу (муундап окуу, сөздөр) Унчукпай окуу Интонация Тема. Тексттин негизги темасы. Тексттин планы. Абзац. Поэзиялык тексттерди жатка айтуу. Макал-лакаптар жана накыл сөздөр. Табышмактар. Эр Манас. | Окуу (синтагмаларга бөлүнгөн толук сөздөр) Унчукпай окуу. Интонация. Тема. Тексттин негизги темасы. Тексттин планы. Абзац. Поэзиялык тексттерди жатка айтуу. Макал-лакаптар жана накыл сөздөр. Табышмактар. Тексттин негизги мазмуну. Чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүктөрү. (легенда, аңгеме, поэма) “Манас “ эпосунун каармандары. | Окуу (синтагмаларга бөлүнгөн толук сөздөр) Унчукпай окуу. Интонация. Тема. Тексттин негизги темасы. Тексттин планы. Абзац. Поэзиялык тексттерди жатка айтуу. Макал-лакаптар жана накыл сөздөр. Табышмактар. Тексттин негизги мазмуну. Чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүктөрү (легенда, аңгеме, поэма). “Манас” эпосундагы окуялар. |
| | | Сөздүк курам | Сөздүн мааниси. Бир жана көп маанилүү сөздөр. | Сөздүн мааниси. Туундуу жана тубаса сөздөр. Синонимдик сөздөр. | Сөздүн мааниси. Туундуу жана тубаса сөздөр. Синонимдик сөздөр. Антонимдик сөздөр | Сөздүн мааниси. Бир жана көп маанилүү сөздөр. Сөздүн мааниси. Туундуу жана тубаса сөздөр. Синонимдик сөздөр. Антонимдик сөздөр. Көркөм |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | чагылдыруу каражаттары (салыштыруу, метафора) |
| | | Угуп түшүнүү жана жазуу | Маалымат.<br>Баарлашуу адеби.<br>Оозеки баяндоо.<br>Мазмунун баяндоо (деталдуу). | Маалымат.<br>Баарлашуу адеби.<br>Мазмунун баяндоо (кең жана кыска).<br>Жазуу жана оозеки баяндоо. | Маалымат.<br>Баарлашуу адеби.<br>Мазмунун баяндоо (кең, кыска жана тандап баяндоо).<br>Жазуу жана оозеки баяндоо. Дилбаян, очерктер. | Маалымат.<br>Баарлашуу адеби.<br>Мазмунун баяндоо (кең, кыска жана тандап баяндоо).<br>Айтып берүүнүн мерчеми.<br>Жазуу жана оозеки баяндоо.<br>Кең, кыска, тандап баяндоо, дилбаяндын элементтери менен. |
| | **Баштап-кы адабий окуу** | Текстти окуп түшүнүү | Жаш курагына ылайыктуу ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, тамсилдер, чакан окуялар, кыска илимий жана таанып билүү тексттери). | Жаш курагына ылайыктуу ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу, айырмасын билүү (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, тамсилдер, чакан окуялар, кыска илимий жана таанып билүү тексттери). | Жаш курагына ылайыктуу ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу, жанрдык өзгөчөлүктөрүн билүү (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, тамсилдер. аңгемелер, ыр, кыска илимий жана таанып билүү тексттери). | Жаш курагына ылайыктуу ар түрдүү жанрдагы тексттер менен таанышуу, жанрдык өзгөчөлүктөрүн билүү (жомоктор, жаңылмачтар, макал-лакаптар, табышмактар, уламыштар, аңгемелер. ыр, тамсил, миф, пьеса, кыска илимий жана таанып билүү тексттери). |
| | | | Эпитеттер, салыштыруу. Тематикалык тилкелерге ылайык сөз байлыгын өстүрүү. | Эпитеттер, салыштыруу, окшоштуруу.<br>Тематикалык линияларга ылайык сөз байлыгын өстүрүү. | Эпитеттер, салыштыруу, окшоштуруу.<br>Тематикалык линияларга ылайык сөз байлыгын өстүрүү. | Көркөм сөз каражаттары: эпитеттер, салыштыруулар, окшоштуруу, метафора, ирония. Юмор. Тематикалык линияларга ылайык сөз байлыгын өстүрүү. |
| | | | Теманы, тексттин аталышын, негизги оюн аныктоо. Тексттин | Теманы, тексттин аталышын, негизги оюн аныктоо. Абзацтар | Теманы, тексттин аталышын, негизги оюн аныктоо. Абзацтар | Тема. Тексттин аталышын, негизги оюн аныктоо. Абзацтар боюнча планды |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | планын түзүү. Маалыматты алып чыгуу (Эмне?, Кайда? Качан? Эмне үчүн? Эмнеге?). | боюнча планды түзүү. Тексттин түзүлүшүн билүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө, баяндоо, алардын өзгөчөлүктөрү. Маалыматты алып чыгуу (Эмне?, Кайда? Качан? Эмне үчүн? Эмнеге?). Сүрөттөө элементтери менен баяндоо. | боюнча планды түзүү. Тексттин түзүлүшүн билүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө, баяндоо, алардын өзгөчөлүктөрү. Сүрөттөө элементтери менен баяндоо. Ой толгоо, анын өзгөчөлүктөрү. Маалыматты алып чыгуу (Эмне?, Кайда? Качан? Эмне үчүн? Эмнеге?). | түзүү. Тексттин түзүлүшүн билүү. Тексттин түрлөрү: сүрөттөө, баяндоо, алардын өзгөчөлүктөрү. Сүрөттөө элементтери менен баяндоо. Ой толгоо, анын өзгөчөлүктөрү. Маалыматты алып чыгуу (Эмне?, Кайда? Качан? Эмне үчүн? Эмнеге?). |
| | | | Чыгарманын сюжети. Каармандарды сүрөттөө, алардын иш-аракетине баа берүү. | Чыгарманын сюжети. Каармандарды сүрөттөө, алардын иш-аракетине баа берүү, өз оюн билдирүү. | Каармандарды сүрөттөө, алардын иш-аракетине баа берүү, өз оюн билдирүү. мазмунун баалоо. | Чыгарманын сюжети. Каармандарды сүрөттөө, алардын иш-аракетине баа берүү, өз оюн билдирүү. Автордун позициясын түшүнүү. |

## IV. ОКУУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

«Тажик тили жана окуу» окутуунун өзгөчөлүгү окуучулардын баарлашуусуна, ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн, дүйнөгө болгон көз карашын жана өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө түрткү берүүчү окуу чөйрөсүн түзүү болуп саналат, бул ар бир адамдын, анын ичинде өзгөчө билимге муктаж окуучулардын/балдардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга мүмкүндүк берет.

Окуучуларды баарлашууга тартуу интерактивдүү окутуунун негизинде ишке ашат, бул билим берүү процессин өзгөчө уюштурууну жана окутуу шарттарын түзүүнү талап кылат, мында окуучулар сабакта башка окуучулар жана педагог менен өз ара аракеттенүү процессинде тил системасына, маданий билимдерге ээ болушат, өздүк инсандыкты калыптандырышат, өз таланттарын билишет, предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүүдө өнүгүүнүн өздүк траекториясын түзүшөт.

Бул үчүн материалды берүүнүн ар кандай ыкмаларын колдонуу керек:

- Визуалдык каражаттар: сүрөттөр, схемалар, презентациялар, видеолор.
- Аудио материалдар: ырлар, аудио, диалогдор.
- Кинестетикалык ыкмалар: жаңсоолор, сахналаштыруу, интерактивдүү тапшырмалар, физикалык буюмдарды колдонуу.

Окуучулардын билимин текшерүү үчүн мугалим ар кандай формаларды колдонот:

- Классикалык формалар (тесттер, жазуу иштери).
- Альтернативдик жолдору (сүрөттөр, диаграммалар, менталдык карталар, видеопрезентациялар, ролдук оюндар).

Даярдыктын ар кандай деңгээлиндеги окуучулар үчүн тапшырмаларды адаптациялоо мүмкүн:

- Сабакты жакшы өздөштүргөн окуучуларга татаал чыгармачыл тапшырмаларды сунуштоого болот (аңгеме түзүү, чыгармачылык тапшырмалар).
- Кыйынчылык менен өздөштүргөн окуучуларга көбүрөөк кайталоо, тапшырмаларды аткаруунун үлгүлөрүн берүү, жуп болуп иштөө пайдалуу.

Интерактивдүү окутуу кызматташтыктын, достуктун, көп тараптуу баарлашуунун атмосферасын түзүү, баарлашууга бардык катышуучуларды тартуу, ошондой эле окууга мотивацияны жогорулатуучу жана таанып-билүүчү активдүүлүктү стимулдаштыруучу ыкмаларды колдонуу аркылуу уюштурулат.

## V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Башталгыч мектепте «Тажик тили жана окуу» сабактарында окуучулардын жетишкендиктерин баалоо максаты – окутуунун иш жүзүндөгү натыйжаларынын күтүлгөндөргө дал келишин аныктоо. Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык, 1-3-класстарда «Тажик тили жана окуу» сабагында белги коюлбаган баалоо колдонулат. Жазуу жүзүндө же оозеки түрдө сапаттуу сүрөттөөчү баалоого гана жол берилет.

Башталгыч мектепте төмөнкү принциптерге негизделген калыптандыруучу баалоо ишке ашырылат:

1. **Баалоо ийкемдүү болушу керек.** Мугалим натыйжаларды көрүү үчүн ар кандай

формаларды жана тапшырмаларды колдонот: Бул сүрөт тартуу, графикалык иш, роль ойноо, оозеки же жазуу жүзүндөгү жооп ж.б. болушу мүмкүн.

2. **Баалоо шыктандыруучу болушу керек.** Мугалим окуучулар жана ата-энелер менен окуу прогрессин талкуулайт:

- окуу ишиндеги ийгиликтерди көрсөтүү,
- эң типтүү каталардын көрсөтмөлөрү,
- окууга кызыгууну стимулдаштыруу,
- коюлган баа менен окуучунун макулдугун камсыз кылуу.

3. **Баалоо жылуу маанайда болушу керек,** т.а. окуучулардын каталары эмес, жетишкендиктери бааланат. Баалоо критерийлери оң берилет (*3 тапшырма аткарылды, 5 сөз жазды*), терс формулировкалар алынып салынат (*жасай албайт, 5 ката кетирилген ж.б.*).

4. **Өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо.** Бул принцип окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө рефлексия жүргүзүүгө, каталарын оңдоого, бири-бирин колдоого мүмкүндүк берет жана окуучулардын эмоционалдык абалын жакшыртат.

Өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар окуучулардын жетишкендиктерин репродуктивдүү, продуктивдүү, чыгармачыл деңгээлдерге ылайык баалоого болот. Репродуктивдүү деңгээл – шаблон боюнча иштөө; продуктивдүү деңгээл – билгенин жаңы окуу тапшырмаларын аткарууда колдонуу; чыгармачыл деңгээл – билимин жаңы окуу жана турмуштук кырдаалда колдонүү. Окуучулардын муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша баалоонун ар кандай формаларын сунуштоого болот: сүрөт үстүндө иштөө, карточкалар менен иштөө, схеманын негизинде оозеки жооп берүү, сүйлөө таянычтары менен жазуу жүзүндөгү жооп ж.б.

**Таблица 2 – 1-3-класска ылайыктуу 10 сөздөн турган лексикалык диктантты баалоо критерийлери**

| Туура жазылган сөздөр | Баалар |
|---|---|
| 8-10 сөз | Эң жакшы |
| 6-7 сөз | Жакшы |
| 4-5 сөз | Канааттандырарлык |
| 3 же андан аз сөз | Канааттандырарлык эмес |

**Таблица 3 – 4-6-класска ылайыктуу 15 сөздөн турган лексикалык жат жазууну баалоо критерийлери**

| Туура жазылган сөздөр | Баа |
|---|---|
| 12-15 сөз | Эң жакшы |
| 9-11 сөз | Жакшы |
| 6-8 сөз | Канааттандырарлык |
| 5 жана андан аз сөз | Канааттандырарлык эмес |

**Таблица 4 – Угуу жана окууга баа берүүнүн болжолдуу критерийлери**

| Критерийлер | Эң жакшы | Жакшы | Канааттандырар-лык | Канааттандырар лык эмес |
|---|---|---|---|---|
| Мазмунду түшүнүү | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, деталдарды табат (анын ичинде өзгөрмөлүү сөздөр), жыйынтык чыгарат. | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, жарым-жартылай деталдарды табат, синонимдерди тандайт жана жыйынтык чыгарат. | Маалыматты жарым-жартылай түшүнөт. Өзгөрмөлүү сөздөрдү билбейт. Жыйынтык чыгаруу кыйын. | Негизги ойду жана деталдарды түшүнбөйт. |
| Мүнөздөмөлөр-дү салыштыруу, маалыматты классификация-лоо | 3 же андан көп мүнөздөмөлөрдү салыштырат, маалыматты классификация--лайт. Текстти графикалык формага (схема, таблица) жана тескерисинче графикалык форманы текст кылып түзө алат. | Салыштыруу жана классификация-лоо учурунда 2 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт. Схемаларды тандайт, схемаларды таянычтардын жардамы менен текстке которот. | Салыштыруу жана классификация-лоо учурунда 1 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт. Схемадагы мүнөздөмөлөрдү жарым-жартылай чагылдырат. | Мүнөздөмө берүүдө кыйналат |
| Маалыматтарды колдонуу | Тексти негиз кылат, жооп түзүү үчүн 4 же андан көп өзгөчөлүктү тандайт, маалыматтын негизинде өзүнүн текстин жаратат. | Тексттен 2-3 негизги мүнөздөмөнү тандайт жана алардын негизинде өз жообун түзөт. | Тексттен керектүү маалыматты тандап, жооп түзүүдө кыйынчылык тартат. | Алган маалыматты иштеп чыгып, колдонууда кыйынчылык тартат. |

**Таблица 5 – Жазуу жана оозеки жоопту (текстти) баалоонун болжолдуу критерийлери**

| Критерийлер | Эң жакшы | Жакшы | Канааттандырар лык | Канааттандырар лык эмес |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптун мазмуну** | Ой так жана түшүнүктүү, бардык негизги эрежелер сакталат (оозеки кептеги басым, грамматика). Сүйлөмдөрү аякталган, логикалык жактан курулган. | Ой түшүнүктүү, негизги эрежелер сакталат (грамматика). Сүйлөмдөр жарым-жартылай бүткөн, балким, түзүлүшүндө | Ой түшүнүксүз, сүйлөм толук эмес, эрежелерди сактоодо кыйынчылыктар бар. | Жообу толук эмес, сүйлөмдөрү аягына чыкпайт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | майда так эместиктер бар. | | |
| **Лексика** | Лексика темага толугу менен шайкеш келет, тема боюнча 4-5 же андан көп сөздөр колдонулат. Бардык жаңы сөздөр туура айтылган (оозеки жооп менен), сүйлөмдөр туура түзүлгөн | Лексика негизинен темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура айтылат (оозеки жооп менен), сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү туура түзүлгөн | Лексика жарым-жартылай темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөздөн аз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура эмес айтылат (оозеки жооп бергенде), сүйлөм түзүүдө каталар бар. | Тема боюнча лексиканы колдонбойт. Сөздөр туура эмес айтылат. |
| **Тексттин түзүмү** | Текст логикалык жактан байланышкан, бардык ойлор толук. Сүйлөмдөрү орундуу. | Текст түзүлгөн, бирок ой жарым-жартылай бүткөн, сүйлөмдөрдүн байланышы бир аз түшүнүксүз болушу мүмкүн. | Текст жарым-жартылай түзүлгөн, ой толук эмес, сүйлөмдөрдүн ортосунда байланыш начар же жок. | Текст түзө албайт |
| **Интонация** (оозеки жооптор үчүн) | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет (суроолуу, илеп, жай). Басым негизги сөздөргө туура коюлган. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет, бирок кээ бир сөздөргө басым коюу так эмес болушу мүмкүн. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келбейт, маанилүү сөздөргө басым жасалбайт. | Интонация сакталбайт |
| **Пунктуация** (жазуу жооптор үчүн) | Бардык үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүр, чекит, илеп жана суроо белгилери керектүү жерлерде колдонулат | Негизинен үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүрдү колдонууда анча-мынча каталар бар. | Үйрөнүлгөн тыныш белгилери каталар менен колдонулат, көбүнчө үтүр, чекит, суроо жана илеп белгилери калтырылып же туура эмес коюлган. | Пунктуациялык белгилер коюлбаган. |

## VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО ТАЛАПТАР

**Таблица 6 – Ресурстук камсыздоо**

| Билим берүү ресурстарынын түрлөрү | Талаптардын мүнөздөмөсү |
|---|---|
| **Маалыматтык-байланыш технологиялары** | Башталгыч мектептеги окуу процесси каражаттарды (персоналдык компьютерлер, сканерлер, принтерлер, мультимедиялык проекторлор ж.б.), анын ичинде майыптыгы бар балдар үчүн көмөкчү технологияларды (үндү күчөткүч, наушник, проектор, лупа ж. б.) камтыган заманбап компьютердик техника менен камсыз кылынышы керек.<br>МКТнын заманбап каражаттары төмөнкүлөрдү камсыз кылышы керек:<br>- глобалдык (Интернет тармагы) жана ички локалдык тармактын ресурстарына жетүү;<br>- интерактивдүү билим берүү ишинин мүмкүнчүлүгү;<br>- окуу мазмунун көрсөтүү.<br>- үндү күчөтүүчү приборлор (колонкалар, наушниктер), көрүүсү, угуусу начар окуучулардын материалды өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу субтитрлер.<br>Компьютердик техниканын саны билим берүү керектөөлөрүнө ылайык келүүгө жана аны натыйжалуу пайдаланууга педагогдордун жана окуучулардын даярдык деңгээлин эске алууга тийиш. Санариптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган мугалимдер үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын үзгүлтүксүз уюштуруу зарыл. |
| **Санариптик билим берүү ресурстары** | Башталгыч мектепте окуу процесси санариптик билим берүү ресурстары, анын ичинде электрондук окуу китептери, предметтер боюнча тренажерлор, Интернет түйүнүндө издөө каражаттары жана издөө системалары, электрондук билим берүү материалдарынын коллекциялары, ошондой эле билим берүү интернет-порталдары менен камсыз болушу керек. Санариптик ресурстар плакаттар, таблицалар жана схемалар сыяктуу басылган визуалдык демонстрацияларды алмаштыра алат.<br>Санариптик билим берүү булактары материалдарга, анын ичинде титрлерге жана наушниктерге визуалдык жана угуу мүмкүнчүлүгүн берет.<br>Санариптик билим берүү ресурстары төмөнкү функцияларды аткарышы керек:<br>- маалымат булактары;<br>- керектүү маалыматты издөө куралдары;<br>- окуу процессин уюштуруу каражаттары.<br>Санариптик билим берүү ресурстарынын саны жана тизмеси зарылчылыктын жана жетиштүүлүктүн талаптарына жооп бериши керек. |

| | |
|---|---|
| **Окуу-методикалык комплекстерн** | Окуу процесси мугалим үчүн зарыл болгон методикалык камсыздоону (окуу китеби, окуу программасы, мугалим үчүн методикалык сунуштамалар, жумушчу дептер ж.б.), маалымдамаларды жана сөздүктөрдү камтыган заманбап окуу-методикалык комплекс менен камсыз кылынууга тийиш. Окуу-методикалык комплекси төмөнкүлөрдү камсыз кылат:<br>− предметтик мазмунду өздөштүрүү;<br>− окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;<br>− окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;<br>− билимдерди, көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү окуучулардын билим алуу муктаждыктарын эске алуу менен өнүктүрүү: окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучулар үчүн, ошондой эле таланттуу балдар үчүн материалдар (дидактикалык карточкалар, онлайн куралдар, графикалык уюштуруучулөр ж.б.). |

## VII. ШЫКТАНДЫРУУ ЖАНА КООПСУЗ ОКУТУУ ЧӨЙРӨНҮ ТҮЗҮҮ

Эмоционалдык колдоо жана психологиялык жагдай тил үйрөнүү процессинде маанилүү ролду ойнойт. Класстагы достук атмосфера тынчсызданууну азайтат, окуучулардын ишенимин жогорулатат жана алардын окуу процессине катышуусуна өбөлгө түзөт. Позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүү үчүн төмөнкүлөр маанилүү:

- Окуучулардын кичинекей жетишкендиктерин белгилеп, алардын позитивдүү маанайын жана мотивациясын сактоо.
- Каталар ийгиликсиздик эмес, окуунун бир бөлүгү катары каралуучу коопсуз чөйрөнү түзүү.
- Өзүнө анча ишенбеген окуучуларга тилди ыңгайлуу шартта практикалоого мүмкүндүк берген топтук иштерди жана жуптук тапшырмаларды колдонуу.

Мындай мамиле окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт, алардын тилди кабыл алуу жана аны иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн жакшыртат.